**ДҮЙШЕКЕЕВА А.Т. ,**
**ТИЛЕКЕЕВА Н.А.**
**nbknu@mail.ru**

# УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РАДИОСУНУН УКТУРУУЛАРЫНЫН НЕГИЗГИ ТЕМАТИКАСЫ (1941-1945жж)

Кыргыз радиосу Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Бүткүл союздук радионун структурасынын курамында калкка ыкчам маалымат жеткирүүнүн негизги каражаттарынын бири катарында кызмат кылды. Согуш башталганда СССРдин батыш жагындагы радиостанцияларды чыгыш жакка көчүрүү маселеси коюлган. Москвадан радиостанцияларды көчүрүү Борбордук уктуруунун эфирге кыска толкундан чыгышын шарттады. Борбордук уктуруу үч программадан бир программага өткөн. Радиоуктуруулар түз эфирде берилип, жазылган радиоматериалдардын үлүшү абдан эле аз болгон. Советтер өлкөсүнө фашисттик Германиянын баскынчылык менен кол салгандыгы жөнүндө өкмөттүн билдирүүсү уктурулгандан 45 минут өткөндөн кийин «Акыркы кабарлар» эфирге чыгарылган. Анын негизги мазмуну советтик адамдарды бардык күчтү фашисттерди жеңүүгө үндөгөн патриоттук чакырыктардан турган.Ал эми фронттон алынган биринчи кабар «Акыркы кабарлардын» 1941-жылдын 22-июнундагы түнкү чыгарылышында берилет. 1941-жылдын 3-июлунда саат сегизде Башкы командачы И.В.Сталин совет элине кайрылып сөз сүйлөгөн.

Кыргыз радиосунда 1941- жылдын 22-июнунда саат 12де Мекенибизге фашисттик Германиянын баскынчылык менен кол салгандыгы жөнүндө Москвадан совет өкмөтүнүн билдирүүсү берилди. СССРдин Жогорку Советинин өлкөнү коргоо, коомдук тарипти жана мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуу максатында кабыл алынган Указы уктурулган[1]. Ал эми 1941-жылдын 24-июнь күнү эртең мененки саат 7-40 минутада Кыргыз радиосунан "Коргоого даярбыз!" деген темадагы радиоконцерт берилген[2].

Киийн совет мамлекети үчүн абдан кыйын когалаңдуу күндөрдө да «Акыркы кабарлар» боюнча советтик жана партиялык жетекчилер чыгып сүйлөшүп, совет адамдарын биримдикке, жеңишке чакырып үндөп турушкан.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдыранда коомдук саясий уктурууларга айрыкча көңүл бөлүнүп өкмөт тарабынан 1941, 1943, 1944-жылдары атайын токтомдор кабыл алынган[3]. Согуштун алгачкы күндөрүнөн тартып эле радио кызматкерлеринин алдына баардык маанилүү окуялар жөнүндө оперативдүү билдирип туруу үчүн радиопрограммаларды ыңгайлаштыруу милдети коюлду. 1941-жылдын июнь айында эле согуш шартында баардык маалыматтарды топтоштурган жана таркатууга даярдаган Советтик маалымат бюросу түзүлдү. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында радио элге кабар жеткирүүнүн эң маанилүү да, эң ыкчам да жана эң таасирдүү да каражатына айланды. Согуш жылдарында кыргыз радиосу Бүткүл союздук радионун эң маанилүү программаларын, «Советтик маалымат бюросунун» билдирүүлөрүн, партиянын жана өкмөттүн токтомдорун уктуруп турган. Мындан тышкары Москвадан советтик жана партиялык жетекчилердин сөздөрү, «Правда» газетасынын баш макаласы, «Акыркы кабарлар» бардык радиостанциялардан берилген.

Коомдук саясий уктуруулардын негизги өзөгүн Советтик маалымат бюросунун материалдары түзгөн. Согуш жылдарында маалымат бюросунун күн сайын 2 миңге жакын маалыматтары кетип, көп жолу кайталанып уктурулуп турган.Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кыргыз радиосу Москванын уктурууларын эфирге чыгаруу менен айрым маанилүү деген билдирүүлөрдү кыргыз тилине которуп берип турган жана

---
[1] КР БМА. Ф-503 оп. 11 Д47. Л.52
[2] КР БМА. Ф-503 оп. 11 Д47. Л.14.
[3] КР БМА. Ф.503. оп.4. Д.606. Л.14.

жергиликтүү программалар да даярдалган. Бүткүл союздук радионун берүүлөрү сыяктуу эле кыргыз радиосу согуш майданынан маалыматтарды берүү менен бирге тылдагы күжүрмөн эмгекти чагылдырып, советтик адамдардын патриоттук духун көтөргөн маанайдагы программаларды тартуулаган[4]. 1941-жылдын 3- июлунда эфирге чыгарылган патриоттук маанайдагы программалардын биринде радионун көркөм уктуруулар бөлүмүнүн башчысы Кубаныч Акаевдин калемине таандык "Мүрзө изде" аттуу ырында төмөндөгүдөй саптарды кездештирүүгө болот:

*Эй Гитлер – сен каргасың, биз шумкарбыз,*
*Ажалың чындап келди тебилесиң.*
*Түгөндү ичер сууң, көрөр күнүң,*
*Мүрзө изде... балбан колдон жеңилесиң.*
*Сталин бизди өстүрдү, баатыр кылды,*
*Шумкардын кыраанybыз аны билгин*[5].

1942-жылы кыргыз жана орус тилдеринде "Ленинград", "Улуу Москва", "Сталинград – даңктуу шаар", "Париж коммунасы", "Советтер Союзунун Баатыры И.В. Панфилов" сыяктуу программалар эфирге чыгып турган. Бул уктурууларда Ата Мекендик согуштун фронтторунан алынган очерктер да кездешет. Мыкты музыкалык жасалгада бир сааттык көлөмдө даярдалган "Прямой наводкой" деген аталыштагы радиожурнал таасирдүү болгон. Журнал эки бөлүктөн туруп, биринчисинде Кызыл Армиянын фронттогу баатырдыктары, өнөр-жайындагы жана айыл чарбасындагы стахановчулардын каармандыктары баяндалса, экинчи бөлүктө фашисттик баскынчылардын образдары сатиралык мүнөздө сүрөттөлгөн[6].

Кыргыз радиосу «Акыркы кабарларынын» чыгарылыштарында Кыргызстанга эшалондор менен алынып келинген жабдуулар, өлкөнүн батыш жана борбордук бөлүктөрүнөн көчүрүлүп келинген ишканалардын кыска убакыттын ичинде ишке киргизилиши жөнүндө маалыматтарды берип турган. Ошондой эле радиожурналисттер Кыргызстандын шаарларында жана айылдарында фашисттик баскынчылардан жапа чеккен советтик адамдарды боорукердик менен чын жүрөктөн кабыл алынып жаткандыгы тууралуу баяндашкан.

«Фронттон кат» рубрикасында болсо кыргызстандык каарман жоокерлердин эрдиги жөнүндө баяндаган аскер бөлүктөрүнүн командирлеринин ыраазычылык каттары окулган, фронтко жөнөп жаткан жоокерлерге аксакалдардын каалоо батасы берилген.Ошондой эле согуш аракеттери жүрүп жаткан фронттук тилкелерге атайын делегациянын курамында барып келген маданият ишмерлери, жазуучулар эфирден чыгып фронттогу абал жөнүндө сүйлөп беришип, душманды жеңүү үчүн тылдагыларды кайратман эмгекке чакырып турушкан. Радиодо мындан тышкары Советтик Армияны куралдандырууга жер жерлерден каражат чогултуу боюнча кабарларды берип турган уктуруунун "күндөлүк" формасы да колдонулган. Мындай "күндөлүктө" төмөндөгүдөй мазмундагы кабарлар чагылдырылган: *"Колхозчулар Родинанын коргоо кубатын чыңдоо максатында жазылган жаңы заемдорунун акысын бүт топтоп, сактык кассага төгүштү."; "Жети- Өгүз районундагы бардык колхоздор Родинанын тылын чыңдоо, Кызыл Армиянын жеңишин камсыз кылуу үчүн эмгек фронтунда мыкты иштеп жатышат. Айрыкча, "Красный Восток" айыл чарба артелинин мүчөлөрү өздөрүнө алган милдеттенмелерин ашыгы менен орундатууда..."*[7]

Кыргызстандын партиялык, советтик жетекчилери да фронттогу жалпы абал жөнүндө баяндап, тылдагы эмгекчилердин милдеттери жөнүндө түшүндүрүп, жеңишке

[4] КР МБА .Ф.503. Оп.11. Д.47. л.76-78
[5] КР МБА .Ф.503. Оп.11 . Д.67 л.44
[6] КР БМА Ф.56 Оп. 1. Д.166. Л.31.
[7] КР МБА Ф.503.Оп.11. Д.65.Л.2

жетүү үчүн эң маанилүү маселелерге элдин көңүлүн буруп турушкан. Партиянын Тогуз Торо райкомунун секретары Айдаралиевдин катында согуш учурунда күрдөлдүү эмгектенип жаткан малчылардын ийгиликтери баяндалган: "*Киров атындагы колхоздун башкы чабаны Раев Молдокадыр 1942-жылдан бери колхоздун коюн багып келе жатат. Ал 1943-жылы өзүнө бекитилип берген 250 тубар койду чыгашасыз багуу менен 280 козу алууга жетишкен жана жыл аягына чейин алынган төлдү бүт сактаган..."*[8] Архивдик материалдарга таянсак, Кыргыз ССРнин жер иштер боюнча эл комиссары Г. Турарбековдун " Эгиндин түшүмүн оруп-жыйууну согуштук тездикте өткөрөлү" деген темадагы жеңишке жетишүү үчүн тылдагы эмгектин маанисин баса көрсөтүлгөн сөзү эфирден берилгендигине күбө болобуз[9].

Ошондой эле радиодон советтик адамдардын фашисттик баскынчыларга каршы күрөшүн колдогон мазмундагы чет өлкөлөрдөн келген телеграммалар да берилип турган. Айталы, Австралиянын Сидней шаарындагы жумушчу партиясынын уюмунун секретары Чендлерден Сталинге төмөндөгү мазмундагы телеграмма келген:

*"Москва. Премьер Сталинге. Сиднейдин жумушчулар уюму Советтер Союзунун эр жүрөк элдерине салам жиберет жана анын Гитлерди жеңип, социализмди сактап калуу үчүн жүргүзүп жаткан баатырларча күрөшүн колдоого милдеттенет.*

*Секретарь Чендлер"*[10]

Ал эми Нью- Вестминстерде митинге чогулган канадалыктар Калининдин наамына жөнөткөн телеграммада *"...силердин жериңерде фашисттик агрессордун талкаланышына толук ишенгендик менен сиздин элиңизге тилектештик сезимин билдиребиз"* деген саптар бар. Лондон графствосунун Кеңешинин төрагасы Чарлз Аман Москва шаардык Кеңешинин төрагасы Пронинге телеграмма жөнөтүп, лондондуктардын москвалыктарга тилектеш экендигин билдирген: "*...Силердин каршылык көрсөтүүңүздөргө сыймыктанып, биз сизди куттуктайбыз. Биротоло жеңиш камсыз болгонго чейин, биз силер менен бирге болобуз!"*[11] Мындай мазмундагы телеграммалар совет элине фашисттик баскынчыларга каршы күрөшүндө дүйнө элдеринин тилектештиги жеңишке шыктандырган, демине дем кошкон.

1943-жылга карата радиостанциялардын ишинин көлөмү бир топ көбөйдү. Борбордук радиоуктуруунун үнүн фашисттер басып алган жерлерге жеткирүү үчүн жаңы, кубаттуу радиостанцияны куруу боюнча чечим кабыл алынган. 1943-жылы бул радиостанция пайдаланууга берилип, көпчүлүк аймакты ишенимдүү камтый алды. Ошентип, фронтто болуп жаткан жаңылыктар жөнүндө оперативдүү маалымат жеткирүүдө радио эң ыкчам каражаттардын бири болуп калды. Ал эми 1943- жылдын 5-августунан тартып Жогорку Башкы командачынын советтик аскерлердин жеңиштери белгиленген буйруктары бериле баштаган. Буйруктар окулуп бүткөндөн кийин радиодон артиллериялык салюттун кубаттуу дабышы жаңырып турган.

1944-жылдагы микрофондук папкаларда радиодон Советтик маалымат бюросунун кабарлары бардык фронттор боюнча чабуулга өткөн Кызыл Армиянын ийгиликтери жөнүндө кабарлардын арбындыгы бакалат. Айталы, 1944-жылдын 13-январында биздин аскерлер бардык фронтто фашисттердин 96 танкын талкалап жана зениттик артиллериянын душмандардын 37 самолету атып түшүрүлгөндүгү кабарланган. Ал эми ушул эле жылдын апрель айындагы оперативдүү маалыматтарда биздин аскерлер чабуул жүргүзүүнү улантып, алардын жүрүшүндө бир нече элдик пункттарды бошоткондугу айтылат: *"Одесса областынын Гросулово деген районунун борбору жана урушуу жолу менен 100дөн ашык башка элдүү пункттары ээленди"*[12]. Партизандардын да аракеттери, эрдиктери байма-бай баяндалып турган: "*Калинин областынын аракет кылып жүргөн*

---

[8] КР МБА .Ф.503. Оп.14. Д.211. л.74
[9] КР БМА Ф503. Оп.14. Д.150. л.46
[10] КР МБА .Ф.503. Оп.14.Д.150. л.76
[11] КР МБА .Ф.503. Оп.14. Д.211.Л.21.
[12] КР МБА .Ф.503. Оп.14. Д.15. л.28

*партизандардын бир нече отряды 12 марттан 24 мартка чейин фашисттердин 18 эшалонун жолдон тайдырды. 9 паравоз, жүктөрү менен бензин коюлган 18 цистерн жана замбиректер, автомашиналар жүктөлгөн 35 платформа талкаланды"*[13]. Кыргызстандыктар Панфиловдук 316 -аткычтар дивизиясындагы 28 баатырдын эрдиктери жөнүндө радиодон кабардар болушкан.

Мындай кабарлар тылдагы эмгектенип жаткан кыргызстандыктарды жеңиш үчүн жигердүү иштөөгө ого бетер шыктандырган. Тылдагы эмгек жөнүндөгү маалыматтарда Кызыл-Кыядагы шахтерлордун, Кочкор Аталык нефтянниктердин, Түштүктүн пахтакерлеринин, Жумгалдын жана Алайдын малчыларынын, Ысык-Көлдүн дыйкандарынын, Чүйдүн кызылчачыларынын ийгиликтери, кужүрмөн рекорддору камтылган. Жеңишке жетишүүдө тылдагы каарман эмгектин зор маанисин 1944-жылдын 5-сентябрында саясий агартуучулук багыттагы кыргыз тилинде берилген "Советтик мамлекеттин артыкчылыктары Кызыл Армияны дүйнөдөгү эң бекем тыл менен камсыз кыла алды" деген аталыштагы радиолекциянын мазмуну да тастыктайт[14].

Ошондой эле аскердик-патриоттук мазмундагы чыгармаларды акын-жазуучулар, музыканттар, театрдын актерлору эфирден тартуулап турушкан. Айталы, СССРдин эл артисти Абдылас Малдыбаевдин аткаруусунда А. Токомбаевдин сөзүнө жазылган "Команда бер", Ж. Турусбековдун сөзүнө жазылган " Көркүнө чыккан замана", К.Маликовдун сөзүнө жазылган "Мен кайрылып келгенче" чыгармалары уктурулган. Белгилүү акын Алымкул Усенбаев эфирден өзүнүн "Кыргыз элинен Москвага салам", Токтогулдун "Кербезин", "Кыз Курман", "Күлүйпа, Күлжар –эки ашык" чыгармаларын аткарып берген.

Мындан тышкары мектеп окуучулары жана пионерлерге багытталган "Жаш патриот" уктуруусу жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде эфирге берилген. Ал эми 1944-жылдын 5-сентябрында эфирге чыккан балдар үчүн уктуруу элдик баатыр В.И. Чапаевдин курман болгондугуна 25 жыл толушуна арналган. Бул чыгарылышта В. Чапаевдин Граждандык согуштагы каармандыгы баяндалып, патриоттук ырлар менен коштолуп жаш өспүрүмдөрдө мекенчил сезимдерди курчутуу жана тарбиялоо максаты коюлгандыгы ачык байкалат.

Ушундай оор кырдаалда да республикада радиотармагынын техникалык базасын өнүктүрүү боюнча иштер токтогон эмес. Айылдарда жана шаарларда радиоточкалардын саны өсө берди, шаардык, райондук радио редакциялар уюшулган, Ош, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Тянь-Шань областтарында радио комитеттер иштеген[15]. Улуу Ата мекендик согуштун катаал жылдарына карабастан, 1940 жана 1949-жылдардын аралыгында Кыргыз Республикасында радиоточкалар 10 миңге өскөн[16].

1945-жылдын 9-майында партия жана өкмөттүн атынан И.В. Сталин радио аркылуу улуу Жеңиш күнү менен куттуктап, совет элине кайрылып сөз сүйлөдү. Ошентип, Улуу Жеңиштин сүйүнүчтүү кабарын калктын көпчүлүгү радиодон угушуп, бул бактылуу, кубанычтуу сезимдерге толгон сөздөрүн, курман болгон кыргызстандык жоокерлерди эскерүүлөрүн айтышкан. Ошол эле күнү кечинде саат 22-00до немецтик –фашисттик баскынчыларды жеңген баатыр Кызыл Армиянын жана Аскер-Деңиз Флотунун жоокерлерине арналган Москвадагы салтанаттуу салют Советтер Союзунун бардык радиостанцияларынан берилди.

1945-жылы 24-июнунда Кызыл Аянтта болгон Жеңиш Парады жөнүндөгү радиорепортаж Советтер өлкөсүнүн бардык аймактары боюнча уктурулду. Эфирден бул репортажды дикторлор Ю.Б. Левитан жана О.С. Высотская алып барышкан[17]. Ошентип

[13] КР МБА .Ф.503. Оп.14. Д.15. л.29
[14] КР МБА .Ф.503. Оп.14. Д.211. Л.11
[15] Карыпкулов А. КТР: Испытание временем. – Стамбул, 2003. - С.28.
[16] Киргизская советская энциклопедия. –Фрунзе, 1982. - Т.8. - С.281-282.
[17] История советской радиожурналистики. Документы. Тексты. Воспоминания.1917-1945. –М.: МГУ, 1991. - С.235-304.

радио согуш мезгилинде кыргызстандыктардын мекенчилдик сезимдерин курчутуп, баш коштуруп, улуу Жеңишке шыктандырган таасирдүү идеологиялык маалымат каражаты болуп калды.

**Адабияттар:**


1. Карыпкулов А. КТР: Испытание временем. – Стамбул, 2003.
2. Киргизская советская энциклопедия. –Фрунзе,1982. - Т.8.
3. История советской радиожурналистики. Документы. Тексты. Воспоминания.1917-1945. –М.: МГУ, 1991.
4. КР БМА.503-фонддогу архивдик материалдар.